Ч.Түлөбердиев атындагы №13 кесиптик лицейи

# Өзүн өзү баалоо отчету

2024-жыл

Scanned with ACE Scanner

САПАТТУУ БИЛИМ

«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

## ТАЛАС ОБЛУСУНДАГЫ АЙТМАТОВ РАЙОНУНА КАРАШТУУ ЖООН-ДӨБӨ АЙЫЛЫНДАГЫ №13- КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИ

**Башталгыч кесиптик билим берүү программасы боюнча**

**өзүн-өзү баалоонун отчету**

**Аккредиациядан өтүүчү кесиптер**

- ✓ **Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер), окуу мөөнөтү 2 жыл**

8322 -“С”категориясындагы автомобиль айдоочу,

8331-“А,В,Г” категориясындагы тракторчу машинист

- ✓ **Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор, окуу мөөнөтү 10 ай**

  6122-4-разряддагы “жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор”

8322-“С”категориясындагы автомобиль айдоочу,

- ✓ **Айыл чарба өндүрүшүнүн тракторчу-машинисти, окуу мөөнөтү 10 ай**

8322 -“С”категориясындагы автомобиль айдоочу,

8331-“А,В,Г” категориясындагы тракторчу машинист

- ✓ **Тигүүчү, тигүү жабдууларынын оператору, окуу мөөнөтү 10 ай**

7443- 3-разряддагы тигүүчү

8263-4-разряддагы тигүү  жабдууларынын оператору

### Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын курамы:

1.Директор – Сейдалы уулу Кубанычбек– комиссия мүчөсүнүн төрагасы
2.ООУИБ дир.орун басары – Давлеталиева Рахима Тазабековна– комиссия мүчөсү
3.ОТИБ дир.орун басары – Джусупова Жылдыз Барпыбековна– комиссия мүчөсү
4.Ага устат _ арыкбаев Рустам Жаманкулович– комиссия мүчөсү
5.Усулчу - Алиева Назгул Серенбаевна– комиссия мүчөсү
6.Кадр бөлүм башчы– Эшимбекова Назгул Сыдыкбековна– комиссия мүчөсү
7.Бөлүм башчы – Марсбек кызы Жаңылай– комиссия мүчөсү

**Комиссиянын курамы жөнүндө буйрук №14 12.03.2024**

Scanned with ACE Scanner

**Кириш сөз**

№13-Кесиптик лицейинин дареги:
Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Айтматов району, Жоон-Дөбө айылы, Р.Осмонов көчөсү № 26

Индекс: 723905

Айыл чарба өндүрүшүнүн тынымсыз өсүшү менен бул окуу жай алгач чабан-механизаторлорду даярдоодон башталган. №13 кесиптик техникалык окуу жай 1964-жылы уюшулган. 1968-жылы 30-апрелде Ч.Түлөбердиевдин ысымы ыйгарылган.

1975-жылдан баштап № 13 окуу жайы орто-кесиптик жай уюштурулгандан бери эл чарбасында көптөгөн квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдап чыгарууда.Окуу жай жаш жумушчу кадрларды ар тараптан тарбиялоонун, билим берүүнүн сапатын жогорулатууда. Жетишкен ийгиликтери үчүн №13 кесиптик лицейдин инженердик педагогикалык жамааты төмөнкү сыйлыктар менен сыйланган :

1982-жыл мурдагы Кыргыз ССР Министрлер Советинин Өтмө Кызыл Туусу ;

1983—мурдагы СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин, ВЛКСМ Борбордук Комитетинин 2-даражадагы дипломү;

1984-жыл тармак боюнча мурдагы Бүткүл союздук социалисттик мелдеште жеңүүчү деп табылып, өлкөнүн мыкты айылдык кесиптик- техникалык окуу жайы деген наамга ээ болгон.

Азыркы күндө окуу жай 9-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн кесип менен катар башталгыч кесиптик билим берүү укугуна ээ. 11-классты бүткөн окуучуларды 10 айлык кесиптерге дайындап келет.

1. Директор – Сейдалы уулу Кубанычбек– комиссия мүчөсүнүн төрагасы Телефон: 0555231090
2. ОӨУИБ дир.орун басары – Давлеталиева Рахима Тазабековна– комиссия мүчөсү Телефон 0558056045
3. ОТИБ дир.орун басары – Джусупова Жылдыз Барпыбековна– комиссия мүчөсү Телефон 0702010333
4. Ага устат _ Арыкбаев Рустам Жаманкулович– комиссия мүчөсү Телефон 0554081197
5. Усулчу - Алиева Назгул Серенбаевна– комиссия мүчөсү Телефон 0706701887
6. Кадр бөлүм башчы– Эшимбекова Назгул Сыдыкбековна– комиссия мүчөсү Телефон 0709173410
7. Бөлүм башчы – Марсбек кызы Жаңылай– комиссия мүчөсү Телефон 0990035577

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү мыйзамынын» 40 статьясында көрсөтүлгөн окуу жайларын көз карандысыз аккредитациядан өткөрүү талабын ишке ашыруу максатында № 13-Кесиптик лицей **Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)** 8322“С”категориясындагы автомобиль айдоочу, 8331-“А,В,Г” категориясындагы тракторчу машинист. **Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор** 6122-4-разряддагы “жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор 8322-“С”категориясындагы автомобиль айдоочу, **Айыл чарба өндүрүшүнүн тракторчу-машинисти** 8322 -“С”категориясындагы автомобиль айдоочу, 8331-“А,В,Г” категориясындагы тракторчу машинист , **Тигүүчү, тигүү жабдууларынын оператору** 7443- 3-разряддагы тигүүчү 8263-4-разряддагы тигүү жабдууларынын оператору кесиптерин аккредитациядан өткөрүүнү пландаштырган. Жогорудагы көрсөтүлгөн максатты ишке ашыруу үчүн лицей директорунун № 14- буйругунун (12.03.2024) негизинде окуу жайдын ишмердүүлүгүн өз ара баалоо үчүн комиссиянын курамы

Scanned with ACE Scanner

түзүлгөн:
Жогорудагы аталган кесиптер боюнча окутуу үчүн лицензия алынган .

**№13- Кесиптик лицейинин тарыхы жана өнүгүшү боюнча кыскача маалымат**

Айыл чарба өндүрүшүнүн тынымсыз өсүшү менен бул окуу жай алгач чабан-механизаторлорду даярдоодон башталган. №13 кесиптик техникалык окуу жай 1964-жылы уюшулган. 1968-жылы 30-апрелде Ч.Түлөбердиевдин ысымы ыйгарылган. 1975-жылдан баштап № 13 окуу жайы орто-кесиптик жай уюштурулгандан бери эл чарбасында көп деген квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдап чыгарууда.Окуу жай жаш жумушчу кадрларды ар тараптан тарбиялоонун, билим берүүнүн сапатын жогорулатууда жетишкен ийгиликтери үчүн №13 кесиптик лицейдин инженердик педагогикалык жамааты төмөнкү сыйлыктар менен сыйланган :

1982-жыл мурдагы Кыргыз ССР Министрлер Советинин Өтмө Кызыл Туусу ;

1983—мурдагы СССР МинистрлерСоветинин ,ВЦСПСтин, ВЛКСМ Борбордук Комитетинин 2-даражадагы диплому;

1984-жыл тармак боюнча мурдагы Бүткүл союздук социалисттик мелдеште жеңүүчү деп табылып , өлкөнүн мыкты айылдык кесиптик- техникалык окуу жайы деген наамга ээ болгон. 1975-жылы –Аскердик –патриоттук тарбия берүү боюнча мурдагы Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин байгесине болгон республикалык кароо конкурста баатырдын байгесин жеңип алган. №13 кесиптик окуу жайдан билим алган кадрлар биздин республикабыздын ар кайсы аймагында эмгектенип жатышат. Ар бир жыл ичинде 200дон ашуун окуучу билим алат . Окуу жай 490 окуучулук орунга ылайыкташтырылган, анын ичинен 404 теориялык жана 56 өндүрүштүк, спорттук орунга ылайыкташтырылган эки окуу корпусунан турат. Атайын окулуучу кесиптик предметтерден азыркы учурда 8 кабинет (теориялык), теориялык кабинети 2, айыл чарба машиналар кабинети 1, Агрономия кабинети 1, жолдо жүрүү эрежелер 1, тигүүчү кабинети 1 о.э жалпы билим берүү боюнча теориялык кабинеттерден 8 окуу бөлмөсү бар. Окуучулар машыгуучу талаа 3га аянтты ээлеп жабдылган .Устакана кабинети айыл чарба, тракторлор жана автомобилдер кыймылдаткычтар лабороториялары бар. Тигүү кесиби боюнча толук жабдылган устакана иштеп жатат. Бүгүнкү күндө окуу жайды Сейдалы уулу Кубанычбек жетектеп келет.

Окутуунун техникалык каражаттарын рационалдуу жана ыңгайлуу пайдалануу жана үйрөнүү үчүн атайын авто мультируль жайгаштырылып сабак учурунда окуучулар пайдаланууда. Атайын жалпы техникалык жана билим берүүчү сабактардын окутуучулары жана өндүрүштүк окутуунун мастерлери окуу материалдарын толук ачып берүү, окуучулардын сабактарды терең жана сезимдүүлүк менен өздөштүрүүсү жана билүү жөндөмдүүлүгүн активдештирүү боюнча аракеттерди дайыма жасап жатышат. Окуу жайда спорттун түрлөрү боюнча ар түрдүү секциялар иштейт. Спорт оюну атайын жабдылган залда, спорттук аянтчаларда жана аткычтар (тир) өткөрүлөт. Жатаканада болсо окуучулар үчүн таза, жакшы шарттар түзүлгөн. Окуу жайда спорттун ар кандай түрү боюнча ийримдер өтүлөт. Жатаканада жаткан окуучуларга эн жогорку шарттар түзүлүп берилген.

Окуу жайда маданий-массалык иштер да жакшы жолго коюлган . Мезгил –мезгили менен тайпалар арасында “Алтын күз”, “Жаңы жыл ”майрамдары өткөрүлүп келет. Ошондой эле февраль айында “Ата Мекенди коргоо” күнүнө карата 1 айлык иш чара түзүлүп эң жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Иш-чарада аскерге чейинки даярдоо, дене-тарбия

Scanned with ACE Scanner

сабактарынан эстафеталар, кросстор, жана "Эр жигиттер" сынагы өткөрүлөт . Сынактан жеңип чыккан тайпалар акчалай, жана ардак грамоталар менен сыйланат . Окуу жайдын кызматкерлери ынтымакта, биримдикте иш алып барып республикалык жана облустук денгээлдеги иш чараларга активдүү катышып, жакшы көрсөткүчтөрдү көрсөткөн белгилүү окуу жайлардын бири.

**Окуу жай төмөнкү кесиптерге адистиктерди даярдайт:**

**2-3 жылдык окуу мөөнөтү менен:**

1.Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) 8322"С"категориясындагы автомобиль айдоочу, 8331-"А,В,Г" категориясындагы тракторчу машинист.

2.Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор 6122-4-разряддагы "жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор 8322-"С"категориясындагы автомобиль айдоочу,

3.Айыл чарба өндүрүшүнүн тракторчу-машинисти 8322 -"С"категориясындагы автомобиль айдоочу, 8331-"А,В,Г" категориясындагы тракторчу машинист

4.Тигүүчү, тигүү жабдууларынын оператору 7443- 3-разряддагы тигүүчү 8263-4-разряддагы тигүү жабдууларынын оператору

**Кыска мөөнөттүү кесиптерге төмөнкү адистиктерди даярдайт:**

1. Ширетүүчү( окуу мөөнөтү 3 ай)
2. Ашпозчу (окуу мөөнөтү 3 ай)
3.« С» категориясындагы автомобиль айдоочу (окуу мөөнөтү 3,5 ай)
4.Жеке компьютердин оператору ( окуу мөөнөтү 3 ай)
5.Тигүүчү (окуу мөөнөтү 3 ай)
6. Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор ( окуу мөөнөтү 3 ай)
7.Тракторчу-машинист ( окуу мөөнөтү 3 ай)

3 айлык мөөнөт менен кесиптери окутулат.

Лицей төмөнкү ишканаларда өндүрүштүк практика өткөрөт.

1. «Сулайман дыйкан чарбасы»
2. «Жетиген 777» үрөөн чарбасы
3. Бакайыр айыл өкмөтү
4. Аманбаев айыл өкмөтү

*1-тиркеме. Каттоо күбөлүгү.*
*2-тиркеме. Өзүн-өзү баалоо комиссиясы түзүлгөндүгү жөнүндөгү буйрук*
*3-тиркеме. Лицензиялардын көчүрмөлөрү.*
*4-тиркеме. Окуу жайдын аккредитациядан өткөндүгү жөнүндөгү күбөлүк*
*5-тиркеме Аккредитациядан өтүү боюнча арыз*
*6-тиркеме Устав*

*7-тиркеме Окуу жайдын жоболору тиркелет*

Scanned with ACE Scanner

## 4. Башталгыч кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун стандарттары жана критерийлери

**Аккредитация стандарты 1.**

**Стандарт 1. Билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу саясаты (миссиясы, максаттары, өнүгүү стратегиясы) жана процедуралары.**

Билим берүү уюмунун миссиясын, стратегиялык жана учурдагы пландарын, билим берүүнүн максаттарын, окутуунун натыйжаларын жана сапатын баалоо критерийлерин камтыган педагогикалык кеңеш тарабынан бекитилген жана билим берүү уюмунун веб-сайтында жарыяланган билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясаты болууга тийиш.

**1-стандарттын критерийлери:**

**1.1. Билим берүү уюмунда билим берүү уюмунун көз карашы, так формулировкаланган жана кабыл алынган миссиясы, анын негизинде иштелип чыккан жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырган бекитилген стратегиялык жана учурдагы пландар болууга тийиш. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана күтүлгөн окутуунун натыйжаларынын болушу зарыл.**

№ 13 кесиптик лицейи өзүнүн иштелип чыккан миссиясына ылайык (2023-жылдын 1-сентябрында педагогикалык кеңешинин № 1-протоколунун негизинде жана камкорчулар кеңешинин сунушу менен окуу жайдын миссиясы кабыл алынган).

**<u>Окуу жайдын миссиясы:</u>**

**<u>Бүгүнкү күндүн эмгек рыногуна дал келген сапаттуу кесиптик билим берүү менен кесипкөй квалификациялуу кадрларды тарбиялап, даярдап чыгаруу</u>**

Ал эми ОЖ стратегиялык планы 2024-2028-жылга карата түзүлдү. Стратегиялык ланын түзүү үчүн 2023-жылдын 10-ноябрында окуу жайдын педагогикалык кеңешинин № 3-протоколу менен каралып атайын комиссия түзүлдү. Ал эми түзүлгөн комиссия стратегиялык планды түзүп, 2024-жылдын 12- мартында №5 педагогикалык кеңешменин чечими менен жалпы кызматкерлер тарабынан жактырылып кабыл алынды. Камкорчулар кеңешинин отурумунда сунушталган жана директор тарабынан бекитилген. Бул план КР өндүрүштүн 2024-2028-ж.ж. туруктуу өнүктүрүү стратегиясын, КР 2028- жылга чейинки Улуттук туруктуу өнүктүрүү программасын, 2028- жылга чейинки КР илим жана билим берүү министрлигинин иш планынын негизинде иштелип чыгып, түзүлгөн жана ар бир жылы аткарылган иштерге карата мониторинг жүргүзүлөт. Ар жылкы лицейдин иш планы кызыккан тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн талдоонун негизинде отурумдардын чечимдери менен түзүлөт. Алсак, акыркы 5 жылдын мониторинги стратегиялык пландын 60% ы ишке ашканын көрсөтөт.

*8-Тиркеме Камкорчулар кеңеши тарабынан жактырылган жана сунушталган Стартегиялык план.*

*9-Тиркеме Түзүмдөрдүн жылдык планы.*

*10-Тиркеме Лицейдин жылдык планы.*

*11-Тиркеме Педагогикалык кеңешменин протоколдору*

*12-Тиркеме Сапатты камсыздоо саясатынын жобосу*

Scanned with ACE Scanner

**1.2. Билим берүү уюму стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүүнүн максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын аткарылышына жыл сайын мониторинг жүргүзүүнү, ишке ашыруунун натыйжаларын талдоону жана тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүүнү камсыз кылууга милдеттүү.**

Кесиптик лицей ар жылы июнь айындагы Педогигикалык кеңешмеде Стратегиялык жана учурдагы пландардын аткарылышы боюнча окутуучу курамга жана кызыкдар тараптарга жылдык отчетун берип турат. Окуу жайда ар бир түзүмдүк бөлүм ар жылы аткарылган иштер боюнча маалымат берет. Ал эми аткарылган иштер боюнча өз учурунда маалыматтар ББжИМ жөнөтүлүп турат. Ошондой эле окуучулар арасында окуу жайдагы билим сапаты, жатаканадагы абал, ашкана жана башка түзүлгөн шарттар боюнча атайын сурамжылоолор жүргүзүлүп турат.

*14-Тиркеме Окуучулар арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун анализи.*

**1.3. Билим берүү уюму билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга, көзөмөлдөөгө жана кароого билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, студенттеринин (студенттеринин) жана кызыктар тараптардын катышуусун көрсөтүүгө милдеттүү.**

Окуу жай өзүнүн миссиясын окуу жайдын ичинде 1-кабатта илинген, муну келген кызыкдар тараптардын бардыгы окуй алат. Окуу жайдын миссиясы, стратегиясы, максаттары жана милдеттери алгачкы таанышуу ачык эшик күндөрүндө, профориентацияларда маалымат берилет. Окуу жайга кирүүдө абитуриенттер жана алардын ата-энелери окуу жайдын миссиясы, стратегиясы жана максаттары менен түздөн-түз кабыл алуу комиссиясынын маектешүүсүндө таанышууга мүмкүнчүлүк алышат. Ошондой эле өз сайтына да жайгаштырган. http://proflisei13.kg /contact/

Кесиптик лицейдин инстаграм жана фейсбук баракчаларында күнүмдүк жаңылыктар жана миссиянын ишке ашырылышы жөнүндө маалымат ала алышат. Окуу жайдын алдын ала көрө билүүсү жана стратегиясынын ишке ашып жаткандыгы боюнча Талас телерадио компаниясына жанылыктарга берилип турат.

instagram.\@prof.licei13

TikTok\@prof.licei13

FACEBOOK.ЧОЛПАНБАЙ ТУЛӨБЕРДИЕВ

**1.4. Билим берүү уюму билим берүүнүн сапатын башкаруунун документтештирилген системасын колдонуу менен сапатты камсыздоо системасын ишке ашыруу үчүн жооптуу билим берүү уюмунун жооптуу адамдарынын (кызматтарынын) бар экендигин көрсөтүшү керек;**

Сапатты камсыздоо системасын ишке ашырууга жооптуу адамдар:

№13 кесиптик лицейдин директору К.Сейдалы уулу

Давлеталиева Р. Т. Окуу, өндуруш-методикалык иштер боюнча директордун орун басары:

Джусупова Ж. Б. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары:

Алиева Н. С. Методист:

Арыкбаев Р. Ж. №13 КЛдин Улук устаты

Scanned with ACE Scanner

**1.5. Билим берүү уюмунун стратегиялык планы ички, сырткы абалдарды жана коюлган максаттардын туура келбестиги тууралуу иш жүзүндөгү маалыматтарды жана билим берүү уюмунун реалдуу жыйынтыктарын талдоонун негизинде ишмердикти (жыйынтыктарды) жакшыртуу үчүн багыттарды аныктайт.**

Стратегиялык планда коюлган максаттардын аткарылуусу ишке ашпай турган болсо иш берүүчүлөр менен келишимдер кайрадан талкууланып, жетишпеген жактарын кайрадан колодоп аракет кылуу каралат.

*15-Тиркеме иш берүүчүлөр менен өткөрүлгөн тегерек столдун протоколу.*

*16-Тиркеме Иш берүүчүлөр менен түзүлгөн келишимдер*

***Стандарттын күчтүү жактары:***

*1. Окуу жай ар жылы стартегиялык жана утурумдук пландарынын аткарылышына мониторинг жүргүзөт.*

*2. Окутулган кесиптер боюнча туруктуу иш берүүчүлөрү бар*

*3. Иш берүүчүлөр окуу пландын мазмунун жакшыртууга кызыктар.*

***Алсыз жактары:***

*1. Иш берүүчүлөр окуучуларга айлык маяна төлөбөйт.*

*2.Ар кайсы айылдан келген окуучуларды иш менен камсыз кылуу оор. Айыл жергесинде тигүү өндүрүштүн жоктугу.*

**2-стандарт. Негизги билим берүү программаларын бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо.**

Билим берүү уюмунун билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү жол-жоболору болууга тийиш. Түзүлгөн билим берүү программаларынын мазмуну билим берүү уюмунун миссиясына, билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын (студенттердин) жана башка кызыктар жактардын керектөөлөрүнө ылайык келүүгө тийиш. Билим берүү программасын аяктоонун натыйжасында алынган квалификациялар так аныкталып, кызыктар тараптарга түшүндүрүлүшү керек

Билим берүү уюму билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүүгө жана мезгил-мезгили менен (жылына бир жолу) иш берүүчүлөрдү тартуу менен баалоону жүргүзүүгө, алардын максаттарына жетүүнү жана студенттердин жана башка кызыктар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырышын камсыз кылууга жана тастыктоого милдеттүү.

**2-стандарттын критерийлери:**

**2.1. Билим берүү уюму билим берүү программасы миссияга, билим берүүнүн максаттарына жана окуунун күтүлгөн натыйжаларына шайкеш келишин камсыз кылууга тийиш.**

Окуу жайдын Уставы метод канаада ачык жерде турат. Ал эми ички Жоболор Педагогикалык кеңешменин чечими менен жана камкорчулар , профсоюз тарабынан сунушталып бекитилет.

Кесиптерге байланыштуу мамалекеттик стандарттар иштелип чыгардын астында иш берүүчүлөрдүн сунушу эске алынат. Ар окуу жылы башталганда иш берүүчүлөр менен отурумдар өткөрүлөт. Ал эми окуп жаны кабыл алынган окуучуларга алардын кесиби

Scanned with ACE Scanner

жана ала турган квалификация тууралуу маалыматтар берилет, жана ата-энелер менен өткөрүлгөн жыл башындагы чогулушта ата-энелерге толук маалымат берилет жана маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыздайт. №13 кесиптик лицейде аккредитацияланып жаткан кесиптик билим берүү менен орто билим алуучу айкалышкан окуу программалары колдонулат. РИМБ тарабынан келеген типтүү окуу планы бар .Ар бир кесиптин типтүү планы бекитилген мөөнөттөн баштап 3 жылга жарактуу болот. Лицейдин ичинде ошол пландын негизинде колдонулушуна ылайыктуу болуш үчүн жумушчу план иштелип чыгат. Ал жумушчу планда сааттар сабактардын жүгүртмөсүнө ылайык бөлүнөт, саат бөлүнгөндө окуучуларга бир күндө физикалык жүктөм нормасы эске алынат.№13 кесиптик лицейде жумушчу иш план 30.08.2023 ж №1 педагогикалык кеңешмеде каралып бекитилген.

**Окутулган кесиптердин окуу жүктөмүнүн узактыгы**

**Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) окуу мөөнөтү 2-3 жылдык**

| Курстар | Окуу жылынын узактыгы (жума) | 1-ж. жылдык | 2-ж. жылдык | Майрам күндөр | Кышкы Каникул | Жайкы каникул | Сыноолор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 52 | 17 | 23 | 1 | 2 | 9 | - |
| 2 | 43 | 17 | 22 | 1 | 2 | - | 2 |
| 3 | 43 | 17 | 21 | 1 | 2 | - | 2 |

**Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор 10 айлык**

| Курстар | Окуу жылынын узактыгы (жума) | 1-ж. жылдык | 2-ж. жылдык | Майрам күндөр | Кышкы Каникул | Жайкы каникул | Сыноолор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 43 | 17 | 22 | 1 | 2 | - | - |

**Айыл чарба өндүрүшүнүн тракторчу машинисти 10 айлык**

| Курстар | Окуу жылынын узактыгы (жума) | 1-ж. жылдык | 2-ж. жылдык | Майрам күндөр | Кышкы Каникул | Жайкы каникул | Сыноолор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 43 | 17 | 22 | 1 | 2 | - | - |

**Тигүүчү, Тигүү жабдууларынын оператору**

| Курстар | Окуу жылынын узактыгы (жума) | 1-ж. жылдык | 2-ж. жылдык | Майрам күндөр | Кышкы Каникул | Жайкы каникул | Сыноолор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 43 | 17 | 22 | 1 | 2 | - | - |

Аккредитацияга көрсөтүлүп жаткан,билим берүү уюмунун миссиясы менен дал келген жана стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган төмөнкү кесиптик билим берүү программалары бар:

Scanned with ACE Scanner

1) Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (Фермер) айкалышкан кесибинин адистиктери эки кваликацияны камтыйт. 8331 "А" категориясындагы тракторчу-машинист; 8322 "С" категориясындагы автоунаа айдоочу;

Окуу мөөнөтү : 2-3 жыл негизги жалпы (9 кл) аяктаган жаштарга.Окутуунун формасы:күндүзгү. Окуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. "С" категориясындагы квалификация боюнча окутууну уюштуруу Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү системасындагы окуу жайларында автотранспорт айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо үчүн Типтүү окуу планынын негизинде жүргүзүлөт. Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)- кесибинде

жалпы көлөмдүк саат-1694 саат, жалпы биоим 3944, өндүрүштүк окутуу-1798 саат, өндүрүштүк практика-1422 саат.

Программанын максаты: учурдун талабына ылайык жекече же арендалык негизде түзүлгөн дыйкан чарбанын ээси, же болбосо ошондой чарбанын мыкты арендаторун даярдоо. Заманбап техниканы айдай билген тракторчу, "С" категориясындагы автоунаа айдоочу ж/а өсүмдүк өстүрүүнүн негиздерин билген, ар тараптуу өнүккөн билимдүү фермерди даярдоо болуп саналат. Автомобилдердин, базалык маркалардагы тракторлордун түзүлүшүн, иштөө принцибин жана жөнгө салышын, айыл чарба фермаларындагы жабдууларын жана машиналардын технологиялык процессин,иштөө принцибин, түзүлүшүн ошондой эле техникалык жана технологиялык жөнгө салышын окутуп үйрөтүү. №13 КЛде билим берүү максаты мамлкеттик стандартка ылайык дал келет. Бирок жумуш менен камсыз кылуучу тараптын дагы сунуштары эске алынат. Бул программа мамлекеттик стандартка ылайык, бирок иш менен камсыз кылуучу кызыкдар тараптар менен биргеликте жүргүзүлөт. Дыйкан чарба ээлеринин учурда тракторлордун жаны маркалары чыгарылып жаткандыктан, ошол маркалар жөнүндө окуучуларга түшүнүк берилет. Натыйжада, "трактор ж/а автомобиль" сабагында жалпы 3 жыл ичинде 300 саат көлөмүндө, программанын негизинде иш жүргүзүлөт. Окуу китептери жетишсиз болгондугуна байланыштуу, керектүү маалымат интернет булактарынан алынып жатат.

2)"Тигүүчү" кесиби, квалификациясы:7443; 3- разряддагы тигүүчү, нормативдик окуу мөөнөтү жалпы орто билим берүүнүн негизинде -10 ай. Окутуунун формасы: күндүзгү, окутуу кыргыз тилинде. Программанын типтүү планы номери 3 жылдык колдонуу мөөнөтү менен РИМБ тарабынан берилет

Жалпы көлөм 1520 саат болсо, анын ичинен өндүрүштүк практикага 576 саат бөлүнгөн. Квалификациялык дайындоо максаты: техникалык операцияларды аткаруу модельдерин жана текстилдик үлгүлөрдү даярдоо, жекече заказдарды кабыл алуу, тигүү буюмдарынын схемаларын ж/а ар кандай үлгүлөрүн даярдоо. Программадагы жалпы 1520 саатты өздөштүргөн окуучу, кийим бөлүктөрүн кошуп тигүү ыкмаларына ээ болот. №13 кесиптик лицейде өндүрүштүк окутуу сабагы, жаны заманбап тигүүчү электрлик бут машиналар менен жабдылган чеберканада өткөрүлөт.Билим берүү уюму кызыккан тараптар менен биргеликте сапатты дайыма жогорулатып туруу боюнча стратегияны иштеп чыгат жана ишке киргизет.Камкорчулар кеңешинин сунушу менен жана педагогикалык кеңештин чечими менен иштелген Сапат менеджментинин системасы деген Жобо жана лицейдин ички көзөмөл Жобосу иштелип чыгып, сапатка көңүл бурулуп турат. Мындан тышкары лицейде жылына 1 жолу окуучулардын ата-энелеринен сурамжылоо алынат.

Scanned with ACE Scanner

3) Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор кесиби, квалификациясы; 6121-4-разряддагы Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор, 8332-С категориясындагы автомобиль айдоочу, нормативдик окуу мөөнөтү жалпы орто билим берүүнүн негизинде -10 ай. Окутуунун формасы: күндүзгү, окутуу кыргыз тилинде. Программанын типтүү планы номери 3 жылдык колдонуу мөөнөтү менен РИМБ тарабынан берилет Жалпы көлөмү 1560 саат, анын ичинен өндүрүштүк прктика 432 саатты түзөт, квалификациялык дайындоо максаты: өндүрүштүк санитарияны жана өздүк гигиенаны, кесиптик ооруларын алдын ала коргонуу чараларын, ошондой фермадагы ветеринардык –санитардык эрежелерди, биринчи жардам көргөзүү, дарылоочу заттарды колдонуу ыкмаларын дезинфекциялоо жүргүзүү, аппараттарды колдонуу ыкмаларын үйрөнө алышат.

8332-“С”категориясындагыавтомобил айдоочусу, транспортту коопсуз башкаруу жол кыймыл эрежелерин , авто унаанын техникаларын жана аларды колдоно билүү чараларын үйрөнө алышат.

4) Айыл чарба өндүрүшүнүн тракторчу-машинист “С”категориясындагы автомобиль айдоочу. Квалификациясы 8331-“А”категориясындагы тракторчу-машинист 8332-“С”категориясындагыавтомобил айдоочусу, нормативдик окуу мөөнөтү жалпы орто билим берүүнүн негизинде -10 ай. Окутуунун формасы: күндүзгү, окутуу кыргыз тилинде. Программанын типтүү планы номери 3 жылдык колдонуу мөөнөтү менен РИМБ тарабынан берилет Жалпы колөмү 1560 саат, анын ичинен өндуруштүк прктика 504саат. Заманбап техниканы айдай билген тракторчу, “С” категориясындагы автоунаа айдоочу ж/а өсүмдүк өстүрүүнүн негиздерин билген, ар тараптуу өнүккөн билимдүү фермерди даярдоо болуп саналат. Автомобилдердин,базалык маркалардагы тракторлордун түзүлүшүн, иштөө принцибин жана жөнгө салышын, айыл чарба фермаларындагы жабдууларын жана машиналардын технологиялык процессин, иштөө принцибин,түзүлүшүн ошондой эле техникалык жана технологиялык жөнгө салышын окутуп үйрөтүү.

*17-Тиркеме Типтүү окуу планы*
*18-Тиркеме жумушчу иш план*
*19-Тиркеме Календардык тематикалык пландар*
*20-Тиркеме Лицейде ички көзөмөл Жобосу*

**2.2 Билим берүү уюму кесиптик, өндүрүштүк жана тейлөөчү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен иштелип чыккан, эмгек рыногун чагылдырган жана билим берүү программасынын максаттарына шайкеш келген жана универсалдуу жана профессионалдык мааниде формулировкаланган окутуунун күтүлгөн натыйжаларына ээ болууга тийиш.**

Лицей ичиндеги билим берүүнүн жана инфраструктуранын өнүгүшүнүн сапатын ар дайым жакшыртуу максатында атайын кызыкдар тараптар менен иштелип чыккан жоболордун негизинде иш алып барат. Директор – Сейдалы уулу Кубанычбек жалпы лицейдин өнүгүшүнө жооптуу; Окуу- өндүрүшү боюнча директордун орун басары – Давлеталиева Рахима Тазабековна, окуучулардын сабакка жетишүүсү, алардын өндүрүштүк окутуунун сапатына жана жалпы материалдык-техникалык базанын сакталышына жооптуу; Окуу – тарбия боюнча директордун орун басары Джусупова Жылдыз Барпыбековна, – окуучулардын сабакка катышуусуна, жатакана, ашкана жана тарбияга жооптуу; Улук устат –Арыкбаев Рустам Жаманкулович, лицейде өндүрүштүк окутуу жана өндүрүштө окуучуларды практикага орнотуу иш менен камсыз кылуу, бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болушу тууралуу маалымат алуу, мониторинг жүргүзүүгө ошондой эле устаканалардын, техниканын оң болушуна жооптуу. Усулчу – Алиева Назгул Серенбаевна, кесиптик билим берүү боюнча сапатты мониторингге алат.

Scanned with ACE Scanner

Сапатты көтөрү боюнча иш-чараларды жүргүзөт. Окутулган кесиптер боюнча устаттар – Камчибек уулу Анарбай, Тажиев Мыктыбек, Барпиев Мисирхат, Бейшенбеков Майрамбек, Анарбай уулу Бактияр, Базарбаев Самат өндүрүштүк окуунун өтүлүшүнө, окуучулардын коопсуздук эрежелерине, сапатына жооптуу. Атайын айдоочулук сабактарынын мугалими –Чокоев Айдар Токтогулович, Техникалык тейлөө сиситемасы, Автомобиль айдоонун негиздери жана жол коопсуздугу, жолдо жүрүү эрежелери боюнча билимдерди изденүү менен жүргүзөт. Джакыпбеков Акылбек Масалбекович трактордун түзүлүшү сабагынан берип келет. Сабактын сапатына, жеткиликтүүлүгүнө сабак берген мугалимдер жооп берет. Билим берүүдөгү лицейдин миссиясы жогоруда айтылгандай "Бүгүнкү күндүн талабына дал келген сапаттуу кесиптик билим берүү менен квалификациялуу жаш жумушчу кадрларды даярдап чыгаруу", болсо окутуунун стратегиялык планы ушул миссияга ылайык келет. Билим берүүдө ушул максаттар коюлуп, иш жүргүзүлөт. Эн биринчи бул иш аракеттер мугалим, устаттардын окутуусунун сапатына байланыштуу болот.Окуу жайда окуу бөлмөлрү АБР долбоорунун жана райондук калты жумуш менен камсыз кылуу борбору аркылуу жабдылган. Биздин окуу жайда лицензияларга ылайык кесиптик билим берип жаткан инженердик педагогикалык курамдын кесиптери өзү берип жаткан предметтерине дал келет. Квалификацияларын жогорулатуу курстарына катышып, жаны инновациялык методдорду үйрөнүп келишүүдө (тизме тиркелет). Натыйжада, күтүлүүчү натыйжалар биздин миссиябызга жана максатыбызга шайкеш келет. Бул натыйжалар окуучулардын иш менен камсыз болгон көрсөткүчү менен дагы аныкталат. Биздин бүтүрүүчүлөр жакынкы ж/а алыскы чет мамлекеттерге кетишип жакшы иштеп жатышса, калгандары өз жергиликтүү дыйкан чарбаларда иштеп жатышат.

Окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын аныктоодо, ушул иш берүүчүлөрдүн талаптарын аткаруу көрсөткүчү колдонот. Өндүрүштүк практикага кетээрде, иш менен камсыздоочулар менен келишим түзүлөт. Мына ошол келишим түзүүлөрдө иш берүүчүлөрдүн бардык талаптары эске алынат. Алар буйрутма берген ишти аткарууда сапатка көнүл бөлүнөт. Мындан тышкары, бүтүрүүчү мамлекеттик квалификациялык экзаменге катышып, иш берүүчүлөр күтүлүүчү натыйжаларды көзөмөлгө алышат. Мамлекеттик үлгүдөгү документтер берилет

*21-Тиркеме Ар бир түзүмгө байланыштуу кызматтык милдеттер.*

**2.3. Билим берүү уюму мамлекеттик стандарттарга жооп берген билим берүү программасы боюнча так аныкталган окуу жүктөмүнө ээ болууга тийиш**

Окуу жүктөмү лицейде типтүү планга же мамлекеттик стандартка шайкеш келет. Мисалы, "Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) кесиби, окуу мөөнөтү 3 жыл. Окуу-өндүрүштүк жүктөмдөр 1- курстарда 36 академиялык сааттан жана 2 жарым жылдыкта 37 сааттан жана 2- 3курста 39-40 академиялык сааттан каралган.

**10 айлык кесиптер боюнча:**

1) "Тигүүчү" кесиби боюнча окуу-өндүрүштүк жүктөмдөр жумасына 1-жарым жалдыкта 38 сааттан 2-жарым жылдыкта 39 сааттан жүктөм бөлүнгөн.
2) "Айыл чарба өндүрүшүнүн тракторист-машинисти" кесиби боюнча окуу-өндүрүштүк жүктөмдөр 1 жарым жылдыкта жумасына 38 академиялык сааттан жана 2 жарым жылдыкта 39 академиялык сааттан каралган.

Scanned with ACE Scanner

3) “Жаныбарларды кароо боюнча оператор ” кесиби боюнча окуу-өндүрүштүк жүктөмдөр 1 жарым жылдыкта 38 сааттан 2 жарым жылдыкта 39 сааттан каралган.

**3 айлык кыска мөөнөттөгү курстар боюнча:**

1)“Тракторчу-машинист”кесиби жумалык жүктөм 40 сааттан

2)“Электр ширетүүчү” кесиби жумалык жүктөм 40 сааттан.

3)“Ашпозчу” кесиби жумалык жүктөмү жумасына 40 сааттан болунот.

4)“Тигүүчү” кесиби жумалык жүктөм 40 сааттан.

5)“С” категориясындагы автомобиль айдоочу жумалык жүктөм 40 сааттан.

6) «Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор” окуу мөөнөтү 3 ай, жумалык жүктөм 40 саат.

*Тиркеме Иш берүүчүлөрдөн алынган анкета жана анын жыйынтыгы тиркелет*

**2.4. Билим берүү уюмунда билим берүү программасын өркүндөтүү максатында билим берүү программасынын пландаштырылган натыйжаларына мониторинг жүргүзүү, талдоо жана баалоо жана кызыкдар тараптар менен талкуулоо механизмдери болууга тийиш.**

Билим беруу программасын жакшыртуу максатынын аткарылышы төмөнкү критерийлерден көрүнөт.

1)Бүгүнкү күндүн талабына дал келген сапаттуу кесиптик билим берүү менен жаш квалификациялуу кадрларды даярдоо - бул лицейдин миссиясына билим берүүнүн жаңы ыкмаларын колдонуу аркылуу билим сапатын 20% жогорулатуу менен контингентти 1,5 эсеге көбөйтүү деген стратегиялык максат шайкеш келет. Мисалы, 2023-2024 окуу жылына “Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты фермер кесибине каалап окуган окуучулардын саны көбөйдү. Бул контингенттин көбөйүшүн жана окутуп жаткан билим сапатынын жогорулашын көрсөтөт.

2) Бул кесибине контингенттин көбөйүшү, эмгек рыногуна жана айыл жергесинде дыйкан чарбалардын, үрөнчүлүк чарбалардын жана лизинг менен техникалардын келишине байланыштуу иш берүүчүлөрдүн суроо-талабына жооп берди.

3)Ар бир программасы мамлекеттик стандартка ылайык (окуу программалары тиркелет)

4)Билим берүү программасын мониторинг төмөнкү көрсөткүчтөр менен жасалат.

- сааттардын жүктөмү окуучуларга норма менен бекитилет. Мисалы, 9-класстын негизинде окуган окуучуларга жумасына 36 саат коюлса, 11-класстын негизинде окуган окуучуларга 38-39 сааттан коюлган.

Мониторингдин дагы бир механизми-бул бүткөн окуучулардын иш менен камсыз болушу. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча атайын мониторинг жүргүзүлүп турат Ишке алынган окуучу, демек бул, иш берүүчүлөрдүн талабына жооп берет дегенди билгизет. Төмөндө бүтүрүүчүлөрдун иш менен камсыз болушу боюнча мониторинг.

**Ч.Түлөбердиев атындагы №13 кесиптик лицейи.**

**Окуу мөөнөтү жылдык»Айыл чарба өндүрүшүнун устаты (фермер)» кесиби боюнча окуган бүтүрүүчүлөрдүн жумушка жайгашканы боюнча**

**МОНИТОРИНГИ**

| № | Тайпасы | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | ФЛ-37-16 ФЛ-38-16 | 38 | 52% | | | | | |
| 2 | ФЛ-39-17 ФЛ-40-17 | 28 | | 62% | | | | |
| 3 | ФЛ-41-18 ФЛ-42-18 | 50 | | | 48% | | | |
| 4 | ФЛ-43-19 ФЛ-44-19 | 54 | | | | 56% | | |
| 5 | ФЛ-45-20 ФЛ-46-20 | 44 | | | | | 49% | |

**Ч.Түлобердиев атындагы №13 кесиптик лицейи.**

**Окуу мөөнөтү 10 айлык Айыл чарба өндрүшүнун тракторчу машинисти» кесиби боюнча окуган бүтүрүүчүлөрдүн жумушка жайгашканы боюнча**

**МОНИТОРИНГИ**

| № | Тайпасы | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | ТМ-79-19 | | 54% | | | | | |
| 2 | ТМ-82-21 | | | 52% | | | | |
| 3 | ТМ-85-22 | | | | 62% | | | |
| 4 | ТМ-88-23 | | | | | 57% | | |
| 5 | ТМ-91-24 | | | | | | 59% | |

**Ч.Түлобердиев атындагы №13 кесиптик лицейи.**

**Окуу мөөнөтү 10 айлык «Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор» кесиби боюнча окуган бутүрүүчүлөрдүн жумушка жайгашканы боюнча**

**МОНИТОРИНГИ**

| № | Тайпасы | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | ВО-80-19 | | 44% | | | | | |
| 2 | ВО-83-20 | | | 48% | | | | |
| 3 | ВО-86-21 | | | | 36% | | | |
| 4 | ВО-89-22 | | | | | 39% | | |
| 5 | ВО-90-23 | | | | | | 41% | |
| 6 | ВО-92-24 | | | | | | | |

Scanned with ACE Scanner

**Ч.Түлобердиев атындагы №13 кесиптик лицейи.**
**Окуу мөөнөтү 10 айлык «Тигүүчү, тигүү кесибинин оператору » кесиби боюнча окуган бүтүрүүчүлөрдүн жумушка жайгашканы боюнча МОНИТОРИНГИ**

| № | Тайпасы | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Т-80-19 | | 57% | | | | | |
| 2 | Т-83-20 | | | 61% | | | | |
| 3 | Т-86-21 | | | | 66% | | | |
| 4 | Т-89-22 | | | | | 64% | | |
| 5 | Т-90-23 | | | | | | 59% | |
| 6 | Т-93-24 | | | | | | | |

**2.5. Билим берүү уюму программасы окуу планында каралган практиканын бардык түрлөрүн (кирүү, окуу, өндүрүштүк, педагогикалык, диплом алдындагы) өтүү үчүн орундарды камсыз кылууга тийиш.**

Окуу жайда акыркы беш жыл ичинде буйруктун жана келишимдин негизинде дыйкан чарбаларга,үрөөнчүлүк чарбаларга,Жоон-Дөбө айылындагы М.Н.Лущихин атындагы асыл тукум кой өстүрүү заводуна жана тиешелүү айыл өкмөттөрүнө, )Ар бир жыл ичинде №13 кесиптик лицейде өндүрүштүк практикага окуучулар кетээринде, иш берүүчүлөр менен келишим түзөөрдө "тегерек стол" уюштурулат. Мисалы, жылына дыйкан чарбалар Р.Сыдыгалиев, Т.Аманбаев, Жетиген 777 үрөөн чарбасы аттуу иш берүүчүлөр менен "тегерек стол" өткөрүлөт. Жолугушуу болуп АБР астында ФРН проектиси менен таанышышты УТО -70 трактору менен анын шаймандары менен жабдылган соколор, культиватор , даары чачкыч, сеялкалар. Окуучулар өндүрүштүк практикага чыгар алдында эмгек коопсуздугу менен таанышып кол коюлуп, жумуш берүүчүлөр менен эки тарап келишим түзүлөт жана ар бир окуучуга өз алдынча күбөлүк берилет, күнүмдүк аткарган жумушун жазып жүрүү үчүн жана ошол эле аткарылган иштери жөнүндө дипломдук иш жасап, жактайт.

*22-Тиркеме Келишим.*
*23-Тиркеме Мүнөздөмө.*
*24-Тиркеме Күндөлүк.*
*25-Тиркеме Өндүрүштүк практиканын буйруктары тиркелет.*

**2.6 Билим берүү уюму анын актуалдуулугун камсыз кылуу үчүн илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна жыл сайын мониторинг жүргүзүүгө жана ага баа берүүгө милдеттүү**

Заманбап компьютерлер,теплица,электорокосилка, электр ширетүүчү апараттар жана заманбап электр кийим тигүүчө машинкалар, мини трактордун макети менен жабдыкталган. Мульти руль, светафор, видеорегистратор бар. "Б" категориясындагы автомобил айдоочуларын даярдоо максатында окуу жай "Талас өнүктүрүү" фондусуна



Scanned with ACE Scanner